«БЕКИТЕМИН»
Кадамжай райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы
_______________ Орозбаев Ж.О.

«24» _____01_____ 2025-жыл

**Илимий-изилдөөлөрдү, илимий-техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

1. **Ишке ашыруунун автору**: Жамшутова Бурмакан Жолдошовна
2. **Илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжаларын изилдөөнүн, илимий-техникалык иштердин аталышы:** Математиканы окутууда анын тарыхынан пайдалануунун айрым жолдору.
3. **Илимий иштин кыскача аннотациясы**: бул илимий-изилдөө ишинде негизги мектепте математика сабагын окутууда анын тарыхый аспектилерин пайдалануунун теориялык жана методикалык негиздери изилденип, практикалык колдонуу жолдору иштелип чыкты. Изилдөөнүн алкагында математика илиминин өнүгүү этаптары, көрүнүктүү математиктердин салымдары, ачылыштырынын мазмундук өзгөчөлүктөрү окутуунун мазмунуна интеграцияланып, окуучулардын тарыхый-предметтик түшүнүгүн кеңейтүү ыкмасы каралды. Эксперименттик иш чаралар аркылуу мындай ыкма окуучулардын кызыгуусун арттыраары, логикалык ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрөрү далилденди. Ошондой эле, мугалимдер үчүн усулдук сунуштар жана тарыхый материалдарды сабакка киргизүү формалары сунушталды. Иштин жыйынтыгында илимий негизделген практикалык моделдер мектептик билим берүүгө адаптацияланды.
4. **Ишке ашыруунун эффектиси:**
    1. 7-9-класстарда математиканы окутууда анын тарыхынан пайдалануунун абалын аныктоо боюнча изилдөө иштери жүргүзүлдү;
    2. 7-9-класстар үчүн математика мугалимдерине тема боюнча тарыхый маалымат камтылган сабактардын план-конспектиси презентациялары менен кошо сунушталды;
    3. Натыйжада окутуу процессинде тема боюнча тиешелүү тарыхый материалды берүүнүн ыкмасы жана аларды сабактардын кайсы этабында тааныштыруу керек экендиги боюнча сунуштар изденүүчү

Б.Ж.Жамшутовага тарабынан аныкталды. Экспериментаторлор менен диссертант дайыма байланышта болуп сабактарда тарыхый материалдарды берүүнүн жолдору өркүндөтүлүп турары көңүлдүн борборунда болду;

4. Жыйынтыгында 7-9-класстарга математиканы окутууда анын тарыхынан пайдалануу ыкмасы педагогикалык экспериментте текшерилип эффективдүүлүгүн көрсөттү жана практикалык сунуштар көрсөтүлдү.
5. Изилдөөнүн натыйжалары боюнча эл аралык жана Республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** Баткен облусунун Кадамжай районундагы №11 «Исфайрам» орто билим берүүчү мектебинде 2014-2024-жылдары эксперимент жүргүзүлдү.

**6. Ишке ашыруунун формасы:** аткарылган илимий иштин жыйынтыгы негизги мектептин окуу программасын жана окуу китебин иштеп чыгууда математиканын мазмунуна тарыхый элементтерин көбүрөөк киргизүүгө багытталат; тарыхый материалдарды окутуу процессине системалуу интеграциялоо мугалимдердин иш аракетин өркүндөтүүгө тийиштүү деңгээлде жардам берет деген ойдобуз; изилдөөдөн алынган илимий жоболорду жана практикалык сунуштарды ЖОЖдордо математика багытында окуган студенттерди мугалимдикке даярдоодо жана мугалимдердин билимин өркүндөтүүдө колдонууга болот деген ишеничтебиз.

Комиссиянын төрагасы
№11 мектептин директору: Рысбаев К.И.

Комиссиянын катчысы: Тумаева А.Э.